# Кредиттер

*(2017-жылдын 9 айы үчүн)*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде банк тутумунун депозиттик базасынын өсүшү менен катар эле улуттук валютада кредиттерди берүүнүн олуттуу үлүшү менен кредит портфелинин артышы да байкалган.

Алсак, кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата иштеп жаткан коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү жыл башынан тартып 13,1 пайызга жогорулоо менен 105,7 млрд сомду түзгөн. Өсүштүн мындай тенденциясын негизинен, жыл башынан тартып улуттук валютада кредиттер көлөмүнүн 23,4 пайызга 64,0 млрд сомго чейин олуттуу өсүшү, ошондой эле валюта түзүүчүсүнүн 0,3 пайызга, сомдук эквивалентте 41,7 млрд чейин бир аз өсүшү менен түшүндүрүүгө болот.

**1-график. Иштеп жатышкан коммерциялык банктардын бир мезгилдин акырына кредиттик карыздарынын динамикасы**




**2-график. Коммерциялык банктар тарабынан бир мезгил ичинде берилген кредиттердин динамикасы**




Курстун өзгөрүүсүн эске албаганда, кредит портфели жыл башынан тартып 13,2 пайызга көбөйгөн. Отчеттук мезгилдин акырына карата долларлашуу деңгээли 39,5 пайызды (-5,1 п.п.) түзгөн.

Мында, кредит портфели боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата 16,5 пайызды түзүү менен 1,9 п.п. төмөндөгөн. Буга улуттук валютада орточо салмактанып алынган пайыздык чендин 2,7 пайыздык пунктка, 19,5 пайызга чейин жана чет өлкө валютасында 1,6 п.п., 11,8 пайызга чейин төмөндөшү себеп болгон.

Тогуз айдын жыйынтыгында банк тутумунун кредит портфелинин сапаттуу мүнөздөмөсүнүн жакшырУусу белгиленген. Алсак, мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген карыздын үлүшү кредит портфелинин жалпы көлөмүндө 2,3 пайызды (-0,6 п.п.) түзгөн, ал эми пролонгацияланган кредиттердин салыштырма салмагы жыл башынан тарта 0,6 п.п. кыскаруу менен 4,2 пайызды түзгөн.

Өз кезегинде, көпчүлүк банктардын портфели айрым тармактарда жогорку концентрациялануу бойдон калган. Алсак, тармактарда банктардын кредит портфелинин концентрацияланышын көрсөтүүчү индекс 0,33 түзгөн, бул айрыкча үч тармак ортосунда көпчүлүк банктардын кредиттеринин бөлүштүрүлүшүн көрсөтөт.

Кредиттөө рыногунун жалпы концентрациялануу көрсөткүчү 0,08 түзгөн, бул 12 банк ортосунда рынокту бөлүштүрүүгө барабар.

**3-график. Кредиттердин тармактык структурасы (бир мезгил ичинде)**




Отчеттук мезгилдин жыйынтыгында банктардын кредит портфелинин убакыт түзүмүндө узак мөөнөттүү кредиттер (1 жылдан тартып) үлүшүнүн 85,5 пайызга чейин өсүшү (сандык мааниде - 15,1 млрд сом) байкалган, ал эми кыска мөөнөттүү кредиттердин үлүшү тескерисинче 14,5 пайызга чейин төмөндөгөн (сандык мааниде – 2,6 млрд сом). Кредит портфелинин убакыт түзүмүнүн мындай корректировкасы дюрация көрсөткүчүнө олуттуу деле таасирин тийгизген эмес, бул көрсөткүч 30,2 айды (жыл башынан тартып +1,8 ай) түзгөн.

2017-жылдын январь-сентябрь айларында жаңыдан берилген кредиттердин жалпы көлөмү 80,2 млрд сом өлчөмүндө түптөлгөн, бул өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 11,0 пайызга көп. Мында, улуттук валютада кредиттер 13,4 пайызга, 52,3 млрд сомго чейин жана чет өлкө валютасында 6,8 пайызга, сом эквивалентинде 27,9 млрд чейин өскөн.

**4-график. Улуттук валютасында бир мезгил ичинде берилген кредиттердин түзүмү**



**5-график. Четөлкө валютасында бир мезгил ичинде берилген кредиттердин түзүмү**




Отчеттук жылдын тогуз айы ичинде валюталар боюнча алганда, улуттук валютада сыяктуу эле, чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин өзгөрүүсүнүн төмөндөө тенденциясы байкалган. Алсак, кароого алынып жаткан мезгил ичинде улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 20,0 пайызды түзүү менен 5,2 пайыздык пунктка төмөндөгөн болсо, чет өлкө валютасында - 2,2 пайыздык пунктка, 10,6 пайызга чейин төмөндөгөн.

**6-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**



**7-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде тармактар боюнча алганда, улуттук жана чет өлкө валюталарында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендин ар башка багыттагы кыймылы байкалган. Мында, улуттук валютада эң төмөнкү чен боюнча кредиттер даярдоо жана кайра иштетүүгө (мезгил ичинде орточо алганда 10,8 пайыз), эң жогорку чен боюнча керектөө кредиттерине (27,2 пайыз) берилген.

Чет өлкө валютасында чендер экономиканын бардык тармактарында төмөндөгөн. Чет өлкө валютасында эң жогорку чен боюнча кредиттер транспортко (орточо салмактанып алынган пайыздык чен 13,0 пайыз), ал эми эң төмөнкү чен боюнча кредиттер байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнө (орточо салмактанып алынган пайыздык чен 9,4 пайыз) берилген.